***Ырыскелдиева А.К.***

# Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин эффективдүүлүгүн баалоо методикасы

***Аннотация:*** *Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин эффективдүүлүгүн баалоо методикасы сунушталат. Методика алты этаптан турат жана региондун өнүгүү өзгөчөлүгү эске алынат. Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин эффективдүүлүгүн баалоо критерийлеринин жана тура келүүчү көрсөткүчтөрдүн системасы иштелип чыкты.*

***Ачкыч сөздөр:*** *токойду колдонуунун баалоо методикасы; токойду колдонуунун механизми; региондун экономикасы; региондун токой ресурстары.*

Токой комплекси бүгүнкү күндө Кыргызстандын экономикасында бирден бир көйгөйлүү зоналардын бирине кирет. Бул көйгөйлөр мурдатан бери эле белгилүү жана башкаруу системасында талкууга алынганы менен көпчүлүгү чечилбей келет. Токой чарбасынын жетекчилери жана бийликтин органдары токойду туруктуу башкаруу жөнүндө көптөгөн жолдомолорду иштеп чыгышкан менен практика жүзүндө токой чарбасынын абалын обүективдүү баалоо үчүн критерийлердин жана көрсөткүчтөрдүн системасы иштелип чыга элек.

Изилдөөнүн негизинде региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин эффективдүүлүгүн баалоо методикасы формулировкаланды (сүрөт 1).

Этап1. Региондун токой ресурстарын мүнөздөө

Этап 2. Азыркы убактагы региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин деңгээли

Этап 3. Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу

механизмин баалоо критерийлеринин жана көрсөткүчтөрүнүн системасын түзүү

Этап 4. Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуумеханизминин эффективдүүлүгүн сандык баалоо

Этап 5. Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин эффективдүүлүгүн сапаттык баалоо

Этап 6. Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин
эффективдүүлүгүн жогорулатууда факторлордун тийгизген таасирин анализдөө

**Сүрөт 1. Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин эффективдүүлүгүн баалоо методикасы**

Методикада региондун өнүгүү өзгөчөлүгү жана түзүлүшүндөгү эщ негизги айырмачылыктары эске алынат.

**Этап1**

Биринчи этапта региондун токой ресурстарына мүнөздөмө берилет. Эщ негизги көрсөткүчтөрү төмөнкүлөр: аймактын токой фондусунун көлөмү, аймактын токой менен капталган аянттын саны,токойлордун максаттык милдети (коргоо, эксплуатациялоо, резервдик) жанатүрү( ийне жалбырактуу, арча, жащгак-мөмө жана өзөндүк) жана курактык критерий( жаш токой, орто жаштагы токойлор, картащ токойлор) боюнча бөлүнүшү. Жалпы маалымат региондун токой ресурстарын колдонуу потенциалын аныктоого мүмкүндүк берет. Ушул эле этапта токой өнөр жайынын түзүлүшүн жана токой фондусунун бөлүнүш өзгөчөлүгүн кароо зарыл.

Токой өнөр жайы жыгач материалдарын даярдоочу, жыгач материалдарды иштетүүчү, целлюлоза-кагаз иштетүүчү, токой химиялык жанаүй эмеректерин даярдоочу тармактардан турат.Андан сырткары , токой өнөр жайы тарабынан чыгарылган продукциянын көлөмү жана түрү каралат: товардык продукциянын эщ негизги түрү, экспортко чыгарылуучу продукция, кичи ишкананын продукциясы. Региондогу токой тармагынын

өнүгүүсүндө негизги капиталга тартылган инвестицияларды жана токой чарбасынын өнүгүү өзгөчөлүгүн көрсөтүү зарыл.

**Этап2**

Азыркы учурда региондун токой ресурстарын колдонуу механизминин дещгээлин билиш үчүн региондун токой ресурстарын эффективдүү колдонуу схемасын түзүп чыгуу керек жана региондогу токой чарбасынын өнүгүү тенденцияларын белгилеп алуу керек. Схемага чарба субүектилеринин турган орду, алардын ички чөйрөсү жана түз, кыйыр байланыштагы сырткы чөйрөсү кирет. +нүгүүнүн тенденциясы төмөнкү багыттарда жүрүшү аныкталат: өндүрүш, тышкы соода, ишканалардын финансылык абалы, инвестициялардын материалдык-техникалык абалы.

**Этап 3**

Үчүнчү этапта региондун токой ресурстарын колдонуу механизминин эффективдүүлүгүн баалоо көрсөткүчтөрүнүн системасы жана критерийлери калыптанат.

Региондун токой ресурстарын колдонуу механизминин негизинде токойлорду эффективдүү башкаруу рынок мамилесинде токой чарбасын жүргүзүүдө сандык жана сапаттык мүнөздөмөгө ээ болгон экономикалык, экологиялык, рекреациялык критерийлерди эске алуу менен ишке ашышы керек. Жогорудагы критерийлер жана көрсөткүчтөр областын токой чарбасынын өнүгүү дещгээлин баалоого мүмкүндүк берет. Сунуш кылынган критерийлер жана көрсөткүчтөр токойду пайдаланууну башкарууда жана региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин туруктуулугун көзөмөлдөй турган жумушчу инструмент катары каралат. Колдонулуучу терминдер менен түшүнүктөрдү тактайлык.

Критерийлер – кабыл алынган принциптерди ишке ашырыш үчүн практикалык иштин стратегиялык багыты. Токойлорду сактоо жана туруктуу башкаруу критерийлери токой чарбасын жүргүзүү дещгээлинде ишке ашат жана туура келүүчү токойлорду туруктуу башкаруу индикаторлордун жардамы менен көзөмөлдөнөт. Ар бир критерий аны мүнөздөй турган индикаторлордун жыйындысы менен бааланат. [1].

Индикаторлор( же болбосо көрсөткүчтөр) – токойлорду туруктуу башкаруу критерийлеринин сандык жана сыпаттама мүнөздөмөсү. Конкреттүү критерийге ылайык келген индикаторлордун жыйындысы токойлорду башкарууда өзгөрүүлөрдүн багытын баалоого мүмкүндүк берет. Индикаторлорду үзгүлтүксүз көзөмөлдөө токойлорду башкаруудагы өзгөрүү тенденцияларын аныктаганга жардам берет.[1].

Региондун токой ресурстарны комплекстүү колдонуу чөйрөсүндө чечим кабыл алуу негизинде бир нече суроолорду бириктире турган бир белги болушу керек. Бул белги негизинен «критерий»деген түшүнүк менен билдирилет. Анын сандык белгиси көрсөткүч же көрсөткүчтөрдүн системасы болот. Көрсөткүч – бул критерийдин сандык белгисин аныктай турган конкреттүү инструмент. Жалпы критерийди тандоо жалпы коомдук максат, же болбосо мамлекеттик саясат жана конкреттүү тармактын өндүрүү жолу жана колдонулуучу технологиялар менен шартталат. Рынок экономикасында өндүрүштүн максаты– пайданы максималдаштыруу жана керектөө суроо-талапты канааттандыруу. Бул учурда региондун токой ресурстарын комплекстүү пайдалануу механизми үчүн башкаруу обүективдүү көрсөткүчтөрдүн системасына негизделет. Экономикалык эффективдүүлүктү эсептеш үчүн чыгым менен жыйынтыктын катышы каралат. Бюджеттик эффективдүүлүктүн көрсөткүчү башкаруунун республикалык жана жергиликтүү бюджеттин өзгөрүүсүнө тийгизген таасирин мүнөздөйт.Эщ манилүүсү, региондун токой ресурстарын колдонуу механизмин негиздөөдө экологиялык кесепеттерге жана рекреациянын пайдалуулугуна баалоо жүргүзүү зарыл. Кандайдыр бир мөөнөттөн кийин көрсөткүчтөрдү үзгүлтүксүз көзөмөлдөө региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизиминде болгон өзгөрүү тенденцияларын көргөзөт, башкача айтканда башкаруудагы өзгөрүүлөрдүн тийгизген таасири байкалат.

Региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизмин иштеп чыгууда колдонуунун өзгөчөлүктөрүн чагылдырган көрсөткүчтөрдү критерийлерге бириктирүү зарыл. Токойлорду эффективдүү башкаруу үчүн токой ресурстарын жыгач, рекреациялык жана эконологиялык деп бөлүү маанилүү. Андан сырткары региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин эффективдүүлүгүнүн жаңы критерийлери сунуш кылынат. Эффективдүүлүктүн көрсөткүчтөр системасы аныкталды. Төмөнкү №1 - таблицада региондун токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизминин эффективдүүлүгүн аныктай турган критерийлердин жана көрсөткүчтөрдүн системасы берилген.

Токой ресурстарын биргелешип башкарууда эффективдүүлүктү баалоо сандык жана сапаттык белгилерди камтыйт.

Сапаттык баалоо токой ресурстарын башкаруу мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат (критерий 1 жана 2), сандык – методдор жана инструменттер менен (критерийлер 3 жана 4).

**Таблица 1**

**Региондун токой ресурстарын колдонуу механизмин баалоодогу критерийлердин жана ага туура келүүчү көрсөткүчтөрдүн системасы.**

| |
|---|
| Сандык баалоо |
| ***Критерий 1.*** *Региондун жыгач ресурстарын колдонуу менен токойлордун экономикалык функциясын колдоо:*<br><br>1) токой фондусунун рыноктук потенциалынын көрсөткүчү;<br><br>2) токой өнөр жайынын потенциалы;<br><br>3) токойлордун эксплуатациялык жарамдуулук көрсөткүчү;<br><br>4) токой массивинин чарбалык баалуулук көрсөткүчү;<br><br>5) токойду пайдалануунун үздүксүздук көрсөткүчү;<br><br>6) токой ресурстарынын туура эксплуатациялоо көрсөткүчү;<br><br>7) жалпы жумушка жарамдуу калктын санына карата региондун токой секторундагы жумуш менен камсыз болуу көрсөткүчү;<br><br>8) региондун ички дүң өнүмүндөгү региондун токой секторунун үлүшү |
| ***Критерий 2.*** *Токойлордун коргоо функцияларын, биологиялык ар түрдүүлүктү жана токойдун продуктивдүүлүк жөндөмдүүлүгүн колдоо жана сактоо:*<br><br>1) токой менен капталган аянттын саны;<br><br>2) токойлордун коргоо функцияларын аткаруу көрсөткүчү;<br><br>3) токой массивдеринин биологиялык ар түрдүүлуккөрсөткүчү;<br><br>4) токойлордун абалынын фитосанитардык көрсөткүчү;<br><br>5) токойлордун кайта өндүрүү көрсөткүчү. |
| Сапаттык баалоо |
| ***Критерий 3.*** *Региондун токой ресурстарынын рекреациялык пайдалуулугун сактоо жана колдоо:*<br><br>1) туризмдин өнүгүү деңгээли жана рекреациялык орундарды көрүү; |

| |
|---|
| 2) атайын кайтарыкта турган токойлордун, жаратылыш территорияларынын саны (жаратылыш заповедниктери, улуттук парктар, жаратылыш парктары, токойдун заповедник бөлүгү, тарыхый жана илимий мүнөздөгү токойлор, жаратылыш эстеликтери) |
| ***Критерий 4.*** *Региондун токой ресурстарын комплекстүү пайдалануу механизминин уюштуруучулук-экономикалык инструменти:*<br><br>1) токойлорду туруктуу башкаруу, сактап калуу үчүн укуктук инструменттер, закондор жана актылар, нормативдер,жазма буйруктар жана башка документтер кирет;<br><br>2) токой суроолору боюнча коомду жеткиликтүү маалымат менен камсыз кылуу үчүн уюштуруучулук инструменттери кирет;<br><br>3) токой менен байланышкан илимий бирикмелер, ишканалар менен уюмдардын ишиндеги координациялык элемент;<br><br>5) токойлорду туруктуу башкарууда экономикалык жана финансылык инструменттери жана инвестициялар жана салык саясаты кирет;<br><br>6) жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу деңгээли;<br><br>7) инфраструктуранын өнүгүү деңгээли жана токой чарбасын өнүктүрүүгө салынган инвестициялардын көлөмү |

**Этап 4**

Төртүнчү этапта региондогу токой ресурстарын комплекстүү колдонуу механизмин сандык баалоо. Бул үчүн интегралдык көрсөткүчтү киргизебиз. (СТД) – салыштырмалуу туруктуулуктун деңгээли.

Бул көрсөткүчтү карап жатканда аны башка периоддор менен салыштыруу зарыл, башкача айтканда базистик жыл менен каралып жаткан жылды салыштырабыз.

**Этап 5**

Бешинчи этапта сапаттык баалоо жүрөт.

**Этап 6**

Алтынчы этапта региондогу токой ресурстарын комплекстүү пайдалануу механизминин эффективдүүлүгүнө таасир тийгизген факторлорду карап чыгабыз: токой өрттөрү, токой зыянкечтери, легалсыз кыюулар, токой түрлөрүнүн сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн өзгөрүшү (баалуулугу жана составы), рынок баасынын тууралыгы, токой продукциясынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү, токой өнөр жайына жумшалган каражаттардын айлануу ылдамдыгы.

**Адабияттар:**


*1. Пыткин А.Н.* Атаандаштык чөйрөсүндө токой өнөр жайкомплексинин өнүгүүсү.Екатеринбург: Институт экономики УрО РАН, 2006.

*2. Рунова Е.М., Гребенюк А.Л. Токойду колдонуунун туруктуу критерийинин негизинде токойлорду кайта иштетүү.*


***Рецензент: э.и.к., доцент Асанов Ж.А.***